*УДК: 37.012*

**Батыралиев А., п.и.к., доцент, ОшМУ**

# Педагогикалык процесстин максатын аныктоо-мезгилдин актуалдуу проблемасы

*Макала азыркы мезгилдеги педагогикалык процесстин максатын аныктоо проблемасына багытталган жана автор бул маселедеги өз көз карашын ачып көрсөтөт.*

***Ачкыч сөздөр:*** *педагогикалык процесс, максат, коммунистик тарбия, прагматизм, билим берүү, турмушка даярдоо.*

*Статья посвящена проблеме определения цели педагогического процесса в современных условиях и автор раскрывает сущность данной проблемы со своей точки зрения.*

***Ключевые слова:*** *педагогический процесс, цель, коммунистическое воспитание, прагматизм, образование, подготовка к жизни.*

Тарбия коомдун негизги функциясы катары адамзат топтогон социалдык, руханий, материалдык тажрыйбалардын системасын улуу муундун кийинки муунга өткөрүп берүүсү аркылуу жаштарды турмушка даярдоо вазийпасын аткарып келет. Тарбия процессинин маңыз-мазмунун аныктоо боюнча окумуштуулар арасында түрдүү көз караштар бар. Кээ бири баладагы адамдык сапаттардын, жүрүш-туруш маданиятынын, мамилелердин системасын коомдук моралдын негизинде калыптандыруу багытында максаттуу уюштурулган иш-аракет десе, кээ бири баланын табият берген күчтөрүн, шыктарын, жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүү үчүн тийиштүү шарттарды түзүү деп аныктап келишет. Кандай гана аныктамаларды карап көрбөйлү, тарбия бул максаттуу процесс экендиги талашсыз болуп турат. Ошондуктан азыркы мезгилде тарбиянын, билим берүүнүн заманбап максатын аныктап алуу эң негизги маселелерден экендигин өзгөчө белгилеп кетебиз.

Чындыгы, максатсыз эч кандай иш-аракет болбойт. Кайсы гана иш-аракеттин түрүн карабайлы, бардыгы кандайдыр бир максатты ишке ашырууга багытталган. Философияда “максат адам тарабынан иштин келечектеги натыйжасын аң-сезим деңгээлинде көрө билүү жана ага карата ички мүмкүнчүлүктөрүн жана эркин аракетке келтирүү” деп аныкталат [1,543]. Педагогика илиминде максатты “түздөн-түз түрткү берүүчү күч катары адамдын андан аркы иш-аракетин багыттайт, анын иш-аракетин башкарат жана оң таасирин тийгизет” деп аныктоо менен “билимдин, тарбиянын максаты-тарбияланып жаткан бала кандай болуш керек экендиги жөнүндөгү педагогдун оюнда жашаган элес” катары белгилүү окумуштуу-педагог Н. Асипова түшүнүк берип кетет [2,34]. Жогоруда айтылгандарга таянсак, тарбиянын, билимдин максатын аныктап алуу таалим-тарбия процессиндеги негизги проблема экендиги көрүнүп турат.

Билим берүү мекемелери, мугалимдер балдарды тарбиялоодогу жалпы максатты аныктай алышпайт. Тарбия-таалимдин максаты коом тарабынан аныкталат. Билим берүү мекемелери, мугалимдер коомдун социалдык заказын турмушка ашырышат. Ошондуктан коом өзүнүн талабына, социалдык нормаларына жооп бере турган максатты иштеп чыгуусу керек, ал эми окуу мекемелери, мугалимдер, тарбиячылар, ата-энелер ошол максатты ишке ашырышы зарыл.

Биз бул макалада тарбиянын, билим берүүнүн максатын аныктоого астейдил токтолуп кетебиз. Себеби, аны тактап алуу менен гана окуу-тарбия иштерин натыйжалуу жүргүзө алабыз деген ойдобуз.

Адегенде кээ бир педагогикалык түшүнүктөрдү тактап алсак. Мисалы, көптөгөн окуу китептеринде, тарбиянын концепциясында тарбиянын максаты деп айтылып жүрсө, кээ бир окуу китептеринде билим берүүнүн, билимдин максаты, ал эми айрымдары тарбия жана билимдин, же болбосо окуу-тарбия иштеринин максаты деп аныктап келишүүдө. Биздин оюбузча, “педагогикалык процесстин максаты” десе туура болчудай. Убагында орус педагогу П.Ф. Каптеров ушундай кайчылаш, баш-аламан түшүнүктөрдү

жыйынтыктап келип, алардын бардыгын бириктирип туруп “педагогикалык процесс” деп атап кеткен. Азыркы мезгилде да бул терминди академиктер Б.Т. Лихачев, В.А. Сластениндер окуу китептеринде кеңири колдонуп келишет. Эгерде тарбиянын же билимдин, же окуу-тарбия иштеринин максаты деп айтсак, бүтүндөй педагогикалык процесстин бир жактуулугун көрсөтүп койгондойбуз. Ошондуктан биз, төмөндө мындан кийин педагогикалык процесстин максаты деген түшүнүктү карайбыз.

Бүгүнкү күндө педагогикалык процесстин максаты-“ар тараптан өнүккөн инсанды калыптандыруу деп мамлекеттик документтерде (“Билим берүү”, “Мугалимдин статусу” жөнүндөгү мыйзамдар), дегеле бардык окуу китептеринде аныкталып келет. Мисалга алсак, “Педагогиканын негиздери” окуу китебинде “жаңы гумандуу педагогиканын негизги максаты-ар тараптан өнүккөн жана гармониялуу, интеллектуалдуу жактан жогору болгон жаш муундарды тарбиялоо” деп аныкталат [3,86]. Бул идея адамды тарбиялоонун максаты катары Байыркы Римде (коллогагатия) пайда болуп, социал-утописттер тарабынан күчкө кирип, коммунисттердин программасында официалдуу педагогикалык процесстин максаты катары ишке ашырылып келген. Тилекке каршы, бул максат өзүн-өзү актабады, турмушта ишке ашкан жок. Аны ишке ашырам деген коммунисттик партиянын өзү да жок болду. Ал максаттын бүгүнкү күндүн талабына жооп бере албай калгандыгы жөнүндөгү ойлор коомчулукта байма-бай эле айтылып келүүдө. Чындыгы, ар тараптан өнүккөн инсанды калыптандырабыз деп жүрүп, же ал максатты ишке ашыра албай, же татыктуу тарбия-билим бере албай ара жолдо калып калгандайбыз.

Биздин мектептерден чыгып жаткан жаштарыбызды ар тараптан өнүккөн инсан деп айта алабызбы? Бул суроого бир жактуу жооп берүү өтө кыйын. Ар тараптан өркүндөтөбүз деп көптөгөн предметтерди окуу планына киргизип, окуучулардын окуу сааттарын чексиз көбөйтүп (1197 саат), керегн жок материалдарды окута берип билимдүү жаштарды тарбиялай алдыкпы? Анын бардыгын ПИZA программасынын негизинде жүргүзүлгөн эл аралык сынактын жыйынтыктары ачыктан-ачык көрсөтүп турат. Анын жыйынтыгы аркылуу дүйнөдөгү эң билими төмөн өлкө катары төгөрөктүн төрт бурчуна таанылып бүттүк.

2005-жылы биз “Кут билим” гезитине “Окуучунун ден-соолугу чың болсо, окуу ийгиликтүү болот” деген макаланы жарыялап, балдардын ден соолугунун начарлап кеткендигине окуу жүктөмдөрүнүн жана предметтеринин көптүгү таасирин тийгизүүдө, бул терс көрүнүштөрдүн баары педагогикалык процесстин максатынан келип чыкты деп белгилеп кеткен элек. Ошондо биздин ойду сындаган адамдар чыккан болчу. Мына мезгил өзү көрсөтүп, окуу жүктөмдөрүнүн өтө көбөйүп кеткендигин моюнга алып, бир жылдык 1197 саатты 714 саатка түшүрүп жатабыз. Бирок, окуу жүктөмдөрүн азайтканыбыз менен, педагогикалык процесстин максатын өзгөртүүгө эркибиз жетпей жаткандай. Биз бул маселеге мектеп мугалимдери кандай көз-караште болду экен деп Ош шаарынын мугалимдерине атайын суроо менен кайрылганбыз. Жыйынтыгында, отуз респонденттин ичинен “Ар тараптан өнүккөн инсанды калыптандыруу идеясы мезгилдин талабына жооп береби?” деген суроого 26 мугалим терс жообун берген. Биз аларга берген, “Педагогикалык процесстин максаты кандай болсо жакшы болмок?” – деген суроого 22 мугалим: “Балдарды турмуштан орун таба билүүгө, ыймандуулукка тарбияласак, азыркы мезгилдин талабына ылайык болот эле,” дешет. Жогорку окуу жайларды бүтүрүшүп, турмуштан орун таба албаган көптөгөн дипломдуу жаштарыбызды мисал катары келтирип кетишти. Айтылгандарга саресеп салып көрсөк, ар тараптан өнүккөн инсанды эмес, турмуштан ордун таба билген, ыймандуу балдарды тарбиялап чыгыш маселеси бышып жетилгендей.

Биз да убагында ар тараптан өнүккөн инсанды калыптандыруу идеясынын негизинде таалим-тарбия алып, жалпы билимге ээ болдук. 80-жылдары Москвада окуп жүргөндө батыштан келген аспиранттар, стажерлор, студенттер менен дискуссияга чыгып өзүбүздү интеллектуалдуу, көп окуган, көп нерсени билген адам катарында көрсөтүп, аларды дайыма билимиңер тайкы, биздей көп нерсени билбейсиңер деп турар элек.

Мисалга алсак, америкалык студенттер тарыхтан, адабияттан ж.б. көп нерсени билишчү эмес. Бирок алар ага теригишпестен бизге “турмушка кереги жок билимдердин эмнеге кереги бар? Эгер силер ушундай эле билимдүү болсоңор, эмне үчүн жашооңор начар?” деген суроо берип калышчу.

Биз ошондо ушул маселеге маани берген эмес экенбиз. Көрсө алар прагматикалык билим берүү теориясынын негизинде таалим-тарбия алышкан экен.

Мына азыр гана турмуштун көп кырдуу тоолорун басып өтүп, мүмкүн алардын теориясы туурабы деген ойго келесин.

Билим берүү багытында көптөгөн реформалар жүрүп жатат. Батыштын билим берүү моделин, окутуу технологияларын билим берүү системасына киргизип жатабыз. Бирок педагогикалык процесстин максатын аныктоодо консервативдик көз караштан арыла албагандайбыз. Мүмкүн ар тараптан өркүндөтүү идеясы жакшыдыр. Бирок турмуш өзү такыр башка картинаны көрсөтүп жатпайбы!

Биз көп өлкөлөрдүн таалим-тарбия максатын карап көргөнүбүздө алар негизинен прагматикалык билим берүү идеясынын негизинде жаштарды тарбиялап жатышкандыгына күбө болдук.

Прагматизм-бул эмне деген теория? “Прагма”-бул грек тилинен которгондо “иш-аракет” дегенди түшүндүрөт. Прагматикалык педагогикада “тарбиянын негизги максаты-турмуштун муктаждыгын чече билген жаш муунду тарбиялоо” – деп аныкталат [3,85]. Прагматикалык билим берүү теориясын америкалык философ, педагог Джон Дьюи негиздеген. Ал билимди жана тарбияны жашоо-тиричиликтин ажырагыс компоненти катары белгилеп кеткен. Прагматизм идеясы боюнча, балдарга практикалык иш-аракетинде, жашоосунда керек болгон билимдерди бериш керек деп айтылат.

Биз студенттер менен аңгемелешкенибизде, “Эмне үчүн эле кесибибизге кереги жок предметтерди окуй беребиз. Алардын ордуна пайдалуу предметтерди окусак болот эле го?” – деген суроолорду көп беришет. Эмне демекчибиз, биздин педагогикалык процесстин максаты азырынча ар тараптан өнүккөн инсанды калыптандыруу, мүмкүн акырындык менен прагматикага өтсөк керек деп жоопту берүүгө аргасыз болобуз.

Турмуш көрсөткөндөй, көптөгөн айыл-кыштактардан келген жаштарыбыз орус тилин өтө начар билип келишет. Алар мектепте начар окушкан, мугалимдерибиз начар деген ойдон алыспыз. Анын бардыгы педагогикалык процесстин максатынын натыйжасы деп ойлойбуз. Себеби окуучу 11 жыл бою жумасына 6-7 сааттан орус тилин окуп келет. Тилдин грамматикасын, фонетикасын, синтаксисин, жазуучулардын, акындардын чыгармаларын окуп, жаттап келишти. Бирок орус тилинде ойлорун эркин айтып берүүгө, элементардык нерселерди түшүндүрүп берүүгө кудуреттери жетпейт. Эгерде алган билимдин жашоого пайдасы тийбесе, андай билим берүүнүн пайдасы барбы? Эмне үчүн миллиондогон акчаларды ишке ашпай турган максатка жумшашыбыз керек?

Жогоруда министрлик окуучулардын окуу жүктөмдөрүн туура эле кыскартты. Бирок, азырынча бул механикалык кыскартуудан билим берүү жакшы жагына өзгөрүп кетет деген ойду айта албайбыз. Анткени билим берүүнүн мазмунуна реформаларды жасай элекпиз. Качан гана педагогикалык процесстин максатын реалдуу турмушка жакындатканыбызда, билим берүүнүн мазмуну мезгилдин муктаждыгынын негизинде өзүнөн-өзү эле өзгөрөт.

Кылымдарды карыткан кыргыздын элдик педагогикасына кайрылып көрсөк да, анын өзөгүндө прагматикалык таалим-тарбиянын идеялары жаткандай. “Турмуштун татаал маселелерине кыраакылык менен мамиле жасаган бабаларыбыз балдарын эч качан социалдык инфантилизмге кириптер кылган эмес” – деп педагог Б. Апышев белгилеп кетет [5,26]. Алар жаштайынан эмгектенишип, өнөр алышып жашоого даяр болушкан. “Жигитке жетимиш өнөр аздык кылат” дешип аталарыбыз балдарга практикалык билимдерди беришкен. Балага билим, өнөр берип, аны турмушка даярдоо ата-эненин негизги милдети болгон. Өзгөчө кызды турмушка даярдоого көңүл бурулган. Турмушка чыккан кыз барган жеринен орун таап калышы-бакыттын башаты деп түшүндүрүлгөн.

Азыр бир кездеги үй-бүлөнүн бүт тиричилигин толук мойнуна алган курактагы балдар бүгүн көчөдөгү түрдүү оюн-зоокторго удургуп, натыйжасыз абстракттуу билимдерди алышып, үй-оокаттын камы алардын үч уктаса түшүнө бир да кирбей турган болду. Эгерде прагматикалык билим берип, балдарды өз алдынча жашоого үйрөткөнүбүздө, мүмкүн мындай көрүнүшкө дуушар болбосок керек эле деп ойлойбуз.

Педагогикалык процесстин максатын аныктоодо неотомисттик педагогиканы да унутта калтырбасак. Неотомисттик педагогикада баланы диний-моралдык негизде тарбиялаш керек деген идеяны пропагандалашат. Биз бул багытты светтик өлкө катары дайыма чанып келгенбиз. Бирок турмуш бул багыттын да туура экендигин далилдеп жаткандай. Ал багыттын негизги максаты-баланы кудайга ишендирүүгө тарбиялоо деп көрсөтүлөт. Биз каалайбызбы, каалабайбызбы, диний тарбия турмушубузда кеңири тамырын жайып кетти. Ошондуктан догмалык түрдө динди жээрий бербестен, ал тарбиянын да алгылыктуу жактарын педагогикалык процессте колдонушубуз керек деп ойлойбуз. Дин тарбиянын негизги каражаттарынан болуп келген жана боло бермекчи. Мисалга алсак, ушул убакытка чейин тарбиянын түркүгү болуп келген адабий образдар, идеялар бүгүнкү күндүн талабына жооп бере албай жатат. Ал эми дин түбөлүктүү баалуулук катары ыймандуулукту түптөөдө өзүнүн тарбиялык миссиясын аткара бермекчи.

Жогоруда айтылгандарды жыйынтыктап келип, педагогикалык процесстин максаты-турмушта, жашоодо өз ордун таба билген ыймандуу инсанды калыптандыруу деген идеяны негиздөө менен тарбиянын концепциясын иштеп чыгууда аны негизги максат катары карасак деген ойду билгизебиз.

**Адабияттар**


1. Философский словарь / Под.ред. И.Т.Фролова. – М., 1986.
2. Асипова Н. Билим философиясы жана тарыхы. – Б., 2010.
3. Мамбетахунов Э., Сияев Т., Педагогиканын негиздери. – Б., 2008
4. Батыралиев А., Эргешова А. Окуучунун ден-соолугу чың болсо, окуу ийгиликтүү болот. //Кут билим. Апрель.2005.
5. Бекембай Апыш, Тарбия назарияты. – Ош. 1996.



**OshGU Batyraliev A. 2015-4,docent,**
kafedra15@mail.ru


## Realization of the aim of pedagogical process – actual problem of time


*The article devotes with the definition of objectives of the pedagogical process in modern conditions, and the author reveals the issue from the point of view problem.*



***Key words:*** *pedagogical process, aim, communist education, pragmatism, education, preparation for a life.*